**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**САЙДЫКУМ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**САЙДЫКУМСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы**
**№2**

**03-август 2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

## Сайдыкум айыл өкмөтүнүн эски имаратына Сайдыкум айылдык милиция бөлүмчөсүн жайгаштыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 05-май №60 “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндөгү” мыйзамынын талаптарын жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 21-декабрь №352 сандуу токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук программасын” ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 15-март №37 Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө мыйзамынын 11-берененин 1 пунктуна ылайык, Сайдыкум аймактык милиция бөлүмчөсүнүн башчысы, милициянын капитаны А.Ж.Жоробековдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сайдыкум айыл өкмөттүн мурдагы пайдаланып келген 4 (төрт) имараттын жарактуу 1 чи корпусу менен жарактан чыккан 3 чү корпусу (кампа) Сайдыкум айылдык милиция бөлүмчөсүн жайгаштыруу жана элдерге сервистик кызмат көрсөтүү үчүн Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнө өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Сайдыкум айыл өкмөтүнүн эски имаратын Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнө өткөрүп берүү боюнча тиешелүү иш кагаздары белгиленген тартипте даярдалып, тиешелүү мамлекеттик органдар менен макулдашылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д. Матасаковго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Сайдыкум айылдык кеңешинин өнөр-жай, курулуш, транспорт, агрардык жана азык-түлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**